КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП РАЙОНУНУН
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП
ТЮПСКОГО РАЙОНА

Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын
XV- сессиясынын
ТОКТОМУ

2026-жылдын 16-февралы **№2** Түп айылы

Түп айыл аймагынын "Келечек" бала бакчасынын тамак-ашка төлөнүүчү акча каражаттарынын тарифи жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы "Билим берүү жөнүндө" №179 Мыйзамынын 28-беренесинин 6-пунктунун жана "Келечек" бала бакчасынын ата-энелеринин 2025-жылдын 4-декабрындагы жыйынынын протоколунун негизинде Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын XV-сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айыл аймагынын "Келечек" бала бакчасында 2026-жылдын 1-февралынан баштап 1 айга ар бир баланын тамак ашына ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) 1400 сом өлчөмүндө акча каражат төлөө тарифине макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы У.И.Бозгуновко жана көзөмөл кылуу айылдык кеңештин бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Т.Ишембаевага тапшырылсын.

Төрага **А.Б.Абдымамбетов**